DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2021

## ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PHILOLOGICAL SCIENCES

*Саттарова А.Т., Апазбекова Н.Б.*

# ТУРАР КОЖОМБЕРДИЕВДИН ЫРЛАРЫН ОКУТУУДАГЫ НЕГИЗГИ ЫКМАЛАР ЖАНА АКЫНДЫН ИНДИВИДУАЛДУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Саттарова А.Т., Апазбекова Н.Б.*

# ОСНОВНЫЕ МЕТОДЫ ПРИ ИЗУЧЕНИИ ПЕСЕН ТУРАРА КОЖОМБЕРДИЕВА И ИНДИВИДУАЛЬНЫЕ ОСОБЕННОСТИ ПОЭТА

*A.T. Sattarova, N.B. Apazbekova*

# THE MAIN METHODS AND INDIVIDUAL FEATURES OF TURAR KOZHOMBERDIEV'S SONGS

*УДК: 371.3:784.67*

*Макалада Турар Кожомбердиевдин инсандык сапаттары, анын башкаларга окшобогон чыгармачылык индивидуалдуулугу чагылдырылат. Мына ошол акындын башка акындардан өзгөчөлөнүп турган жеке почерки сабактарда кандайча ачылыш керектиги туралуу сөз болот. Турар Кожомбердиевдин ырлары юморлуу, сатиралуу, уйкаштары жөнөкөй, сөздөрү угумдуу. Адабият мугалимдери ырларды талдоо процессинде акындын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүндөгү ушул белгилерди өзгөчө кармай билиши керек экендиги айтылат. Акындын ырларын салыштырып талдоо сабагы, стилистикалык эксперимент сабагы, комбинирлешкен сабак, интегирлешкен типтеги сабак деген сабактар аркылуу окутуу натыйжалуу экендиги тастыкталып, көрсөтүлөт. Окутууда акындын чыгармаларынын дидактикалык мазмунун, түздөн-түз балдарды тарбиялоо үчүн акыл айткан идеяларын талдап көрсөтүү технологиялары ачылып берилет. Балдар ырларын окутуунун башкы ыкмалары аныкталат.*

***Негизги сөздөр**: гумманизм, лирик, лиризм, мыкты уйкаштык, улуу сынчы, романтика, сатира, юмор, толук уйкаш, тарбия.*

*В статье отражены личностные качества поэта Турара Кожомбердиева, его творческая индивидуальность, не схожая с типичным своеобразием и другие. Раскрывается индивидуальный стиль поэта, отличающий его от других поэтов, который можно узнать на занятиях по изучению его творчества. Стихи Турара Кожомбердиева юмористические и сатирические, рифмы хоть и простые, но слова звучные. Говорится о том, что учителя литературы должны уловить особенные черты индивидуальной творческой поэтики в процессе анализа стихотворений. Подтверждением эффективности изучения стихотворений поэта должны стать уроки сравнительного анализа, занятия с экспериментами по их стилистике, комбинированные уроки, в том числе интегрированного типа. В процессе обучения применяют технологии разбора дидактического содержания произведений поэта, анализа его идей, необходимых в воспитании детей. Определены основные приемы обучения детей выразительному чтению.*

**Ключевые слова:** *гуманизм, лирика, лиризм, отличная рифма, великий критик, романтика, сатира, юмор, полная рифма, воспитание.*

*This article underlines personal qualitiesof Turar Kozhomberdiev, and abouthis creative individuality which unlike any of them. You can findhis individual handwritings in the lessons about the works of TurarKozhomberdievthat distinguishes him from other poets,where we see his humorous, satirical rhymes with simple sound words. Any teacher of literature especially can catch these drawings in the individual features of the poet in the process of comparative analysis. There are lessons of comparative analysis of the verses of the poet, lessons of stylistic experiment, combined lessons of integrated type as the confirmation of the effectiveness of training. This article defines the basic methods of teaching children to sing. In teaching reveals technologies of theanalyzing of poet's poemsdidactic content, his ideas necessary for upbringing of children.*

***Key words:** humanism, lyricism, lyricism, excellent rhyme, great critic, romance, satire, humor, complete rhyme, education.*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Турар Кожомбердиев – окуу китептерине жана хрестоматияларга кеңири киргизилип жүргөн акындардын бири. Анын «Алиппе» китептерине «Чиркей менен төө», «Ким кандай дейт?», «Кумурска көргөн төө», «Таранчы», «Көлчүктөгү ай» (С.Рысбаевдин китеби), «Сак күчүк» (Б.Кубаталиева ж.б. авторлордун китеби) деген бөбөктөргө ылайыкталган өтө чакан ырлары киргизилген. 2-класска «Чычкандар» деген ыры кошулган. Көрүнүп тургандай, акындын ырлары мектепке жаңы эле барган балдарга ылайык келет. Анын чыгармачылыгын окутар алдында акын тууралуу маалымат бере кетүү зарыл. Анын болжолдуу тексти төмөнкүдөй болушу керек:

Т.Кожомбердиев 1941-жылдын 22-июнунда Сары-Өзөн Чүйдүн Жайыл районундагы Суусамыр жайлоосуна өтө бериштеги Кара-Балта суусунун боюндагы Сары-Булак деген айылда туулган. А.Токомбаев акындын «От өчпөгөн коломто» аттуу китебине жазган баш сөзүндө ал кездеги жаш акындын чыгармачылыгын төмөнкүдөй мүнөздөйт: «Анын адабий тарбиясы, билими жашынан тартып камсыз болду. Турмушка көз карашы, патриотизм, гуманизм эс тарткандан баштап анын каны менен бирге жүрүп, жүрөгү менен кошо согуп келатканын чыгармасынан байкоого болот. Акындын чыгармачылык тамыр согушундагы негизги ритми - ал патриотизм, гуманизм, өнүп-өскөн кооз жерин, Ата журтун сүйүү, биз бул көрүнүштөрдү акындардын баарысынан талап кылабыз». «Турар лирик, анын курагы дагы лиризмдин кырдаалында турат, ал лирикалык ойчул, тапкычтыгы менен кыйла бийиктикте изденүүдө баратат». «…Акын-жазуучулардын негизги артыкчылыгы Ата журтка, өзүн тарбиялаган коомго жан дили менен милдеттүү берилгендигинде. Андайлардын асыл эмгектери өзүнөн өзү элдик талапка жооп бере алат. Акындардын ала турган бай казналарынын кени - эл, турмуш, жаратылыш. Ал байлыкты кандай пайдаланып жатканын баалаган эң эле улуу сынчы - элдин өзү, ошондуктан таланттуу жаш акындын бул жыйнагын элибиздин калыс өкүмүнө жылуу сезим менен тартуулап, сунуш кылабыз» [1, 305-б.].

Анын 20 жашында жарык көргөн «Көлчүктөгү ай» аттуу китеби (1961) азыркы күнгө чейин улуттук балдар адабиятынын бийиктиктеринин бирин ээлеп келет, бул жыйнагы өз кезегинде Ленин комсомолу сыйлыгына татыктуу болгон. Акын балдардын кыялоюн, жүрүм-турумун кызыктуу берет, ырдагы колдонгон сөз каражаттары да жугумдуу.

Чоң курсак Беке,
Узун бут Кеке,
Жана да Меке,
Үчөөнүн мингени
Мүйүздүү теке.

Мөңкүдү теке,
Жыгылды Беке,
Жыгылды Кеке,
Жыгылды Меке.

Ыйлады Беке,
Ыйлады Кеке,
Ыйлады Меке,
Баарын кылган
Мүйүздүү теке («Беке, Меке, Кеке жана мүйүздүү теке») [2, 59-б.].

Ырдан көрүнүп тургандай, мыкты уйкаштык, балдардын турмушуна жакындык, анан жаттоого жеңилдик акындын ийгилиги деп эсептөөгө болот.

Келатыптыр жумушка
Кыл муруттуу кумурска.

Топчуну алып колума
Тосуп койсом жолуна:

Тыягынан карады,
Быягынан карады.

Аркы-терки бойлоду,
Тоо экен деп ойлоду... («Кумурска көргөн тоо») [3, 56-б.]

Мындагы акындык ой – баланын фантазиясы, романтикасы менен жуурулушат да, кумурсканын күлкү келтирүүчү да, аяныч туудуруучу да образы көз алдыга келет. Акын мейли Күндү, Айды ырга салабы, күчүк, улак, таш бака, сугалак мышык, кумурска, ат, чычкан, теке, чөкө таан, төө, чиркей, коңуз, коёнек, балапан тууралуу жазабы – баары бала дүйнөсүнө жакын, бала менен бала болуп кетет. Ырлары юморлуу, сатиралуу, уйкаштарыжөнөкөй, сөздөрү угумдуу.

Адабият мугалимдери Т.Кожомбердиевдин ырларын талдоо процессинде акындын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүндөгү ушул белгилерди өзгөчө кармай билиши керек. Анын «Чиркей менен төө» деген ыры мындай:

Эки балбан тирешип,
Эми кирди күрөшүп...
Чиркей буттан чалганда
Төө жыгылып калганда...
Эл кыйкырды «мыкты» деп,
Чиркей төөнү жыкты деп [4, 54-б.].

Бул ырды окутууда анын тамаша, калп экенине көңүл буруу зарыл. Негизги нерсе – юмор аркылуу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



күлкү жаратуу. Автордун колдонгон уйкаштары (тирешип-күрөшүп, чалганда-калганда, мыкты-жыкты) да өтө жөнөкөй, толук уйкаш, балдардын кабыл алуусуна жакын.

2-класста акындын «Чычкандар» деген ыры сунуш кылынат:

Найза жасайт чычкандар
Мышыктардын жүнүнөн.
Жүрөктөрү жарылат
Мыёлогон үнүнөн.
Мышыктардын эрдигин
Жолборсторго теңешет.
Түн ичинде чогулуп
Өздөрүнчө кеңешет:
- Мышыктардай чарчабас
Күлүк болуп алсакчы.
Жеалармененилгертен
Досболушупкалсакчы.
Мышыктардайбизде да
Күчтөрарбынтолсочу.
Мышыктардайбиздин да
Тишибизкурчболсочу…
Ар түнсайынушинтип
Өздөрүнчөкеңешет.
Мышыктардынайбатын
Арстандаргатеңешет [5, 37-б.].

Ушул тексттен кийин «айбатын» деген сөздү «сүрүн» деп түшүндүрүшүп, окуучуларга мындай суроолор коюлат:

1. Чычкандар мышыктарды эмне үчүн жек көрүшөт?
2. Мышыктын эрдигин эмне үчүн чычкандар жолборско теңешет?
3. Байкуш чычкандардын абалын элестете алдыңарбы?
4. Бул чыгармага төмөнкү макалдардын кайсынысы туура келет: «Көз – коркок, кол – баатыр»; «Коркконго кош көрүнөт» [6, 48-б.].

Мугалим бул чыгарманы окутуу процессинде ачып бере турган нерселер – чычкандардын алсыз абалы, адамдардын да ошого окшогон типтеринин болушу; чычкан – мышык – жолборс – арстан – төртөөнүн айырмалуу белгилери; кыял жана чындык; образдуулук. Акындын ырлары – лирикалык чыгармалар. «Лирика – эң бир субъективдүү жанр. – деп жазат С.Момуналиев [7, 197-б.]. – Мында акын окурман менен өзүнүн ой-сезимин бөлүшөт, кандайдыр бир окуядан улам пайда болгон кайгы, кубанычын, таң калуу, ыраазы болуусун айтат. Бирок өзгөчө кызыгы бир адамга, акынга гана таандык ой-сезим эч бирибизди кайдыгер калтырбай, ар бирибизге тиешелүү болуп чыга келет». Андан ыры методист мындай лирикалык чыгармаларды салыштырып талдоо сабагы, стилистикалык эксперимент сабагы, комбинирлешкен сабак, интегирлешкен типтеги сабак деген сабактар аркылуу окутуу натыйжалуу экендигин тастыктап көрсөтөт, Т.Кожомбердиевдин ырларын да ушундай сабактар менен өтүү максатка ылайык келет.

Ошентип, Т.Кожомбердиевдин балдар ырларын окутуунун башкы ыкмалары: ырларды көркөм окуу; ролдоштуруп окуу; ырлардын негизинде сүрөт тартуу; ырларды жаттоо жана жаттаган текстти көркөм айтып берүү; чыгармадагы идеяны турмуш менен байланыштыруу ж.б.

**Адабияттар:**

1. Токомбаев А. Келечеги кең акын / китепте: Кожомбердиев Т. Оч өчпөгөн коломто. Ырлар жана поэмалар [Текст] / Т.Кожомбердиев. - Б., 1972. - 3-5-бб.
2. Кожомбердиев Т. Оч өчпөгөн коломто. Ырлар жана поэмалар [Текст] / Т.Кожомбердиев. - Б.: «Адабият», 1972. - 436 б.
3. Кожомбердиев Т. Оч өчпөгөн коломто. Ырлар жана поэмалар [Текст] / Т.Кожомбердиев. - Б.: «Адабият», 1972. - 436 б.
4. Кожомбердиев Т. Оч өчпөгөн коломто. Ырлар жана поэмалар [Текст] / Т.Кожомбердиев. - Б.: «Адабият», 1972. - 436 б.
5. Кожомбердиев Т. Оч өчпөгөн коломто. Ырлар жана поэмалар [Текст] / Т.Кожомбердиев. - Б.: «Адабият», 1972. - 436 б.
6. Абдухамидова Б. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 2-классы үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. - Б.: Принт-Экспресс, 2016. - 180 б.
7. Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика [Текст] / С.Момуналиев. - Б.: 2014. - 592 б.